# ВИЗУАЛДЫК ТАРЫХ





**Кыргызстан - абдан кызыктуу тарыхы бар светтик мамлекет.**

«Светтик мамлекет» деген термин эч бир дин негизги же милдеттүү боло албастыгын, бардык диндер бирдей экендигин билдирет.

Бардык диндердин тең укуктуулугу жана алардын мамлекеттик жумуштардан бөлүнүшү Кыргызстандын Конституциясында бекитилген.

Кыргызстанда ар бир адам өзүнүн ишенимине жараша динди тандай алат же эч бир динди карманбоого укуктуу. Бул укук Конституция тарабынан кепилденет. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын аймагында 2020-жылга карата 3000ден ашык диний уюм, анын ичинде диний окуу жайлар, басма сөз каражаттары, гуманитардык жардам борборлору, храмдар, намазканалар жана башкалар катталган. Алардын 87% ислам, 12% христиан диний уюмдары, 1% башка диний уюмдар (бахай, иудаизм, буддизм).


Шаарга жеткенче үй тапшырманы бүтүрүш керек эле.
Аның дагы деле бүтө элекпи?
Диндердин 90-жылдардагы абалы жөнүндө чоң бөлүм бар экен. Аны анчалык атайын бөлүм кылып жазгыдай эмне бар экенин билбей койдум.
Мейли эми, калганын кийинчерээк окуп аласың, мен бул жерден бүттүм. Башкаларды кууп жетпесек болбойт.







Саламатсызбы! Студенттерди көрдүңүзбү? Менимче, биз адашып калдык окшойт.
Деги биз кайдабыз?
Ооба, чынында эле адашып калдыңар.
Силердин дооруңарга чейин эки миң кыш…


Силердин дооруңар?
Менин доорумда, руханий дүйнөдө бутпарастар менен шаманизм үстөмдүк кылган мезгилдесиңер.
Силер илгерки доордосуңар!


УУКУ


Тезирек кетишибиз керек. Мени ээрчигиле.




Биз бул жакка кантип келип калдык? Бул, чын эле, биздин убакыт эмес! Мен мындай нерселерди көргөн эмесмин.
Мен жайлоого чоң энемдикине далай баргам, бирок ал жакта да баары башкача болчу.
Бизди курчап турган бардык нерсенин жаны бар. Бул тотемди көрдүңөрбү? Бугу бизди жамандыктан коргойт. Колдоочуңдай бол, сага эч нерсе болбойт. Мээрим, сен кайсы уруунун кызысың?
Билбейм! Менин Мээрим экенимди сиз кайдан билесиз? ...
Мага айтып берүүнүн кереги деле жок, мен силер жөнүндө баарын билем.
Мага арбактар айтышты, а алар баарын билишет.
Ата-бабаларыңардын арбактары. Силер эми мындан кетишиңер керек. Азыр мен силер тазаланып, мындан ары жолуңарды улаш үчүн арча түтөтүп, аластаймын.
Кайдан?
Дагы кайдагы арбактар?
Келечекке аттангыла! Тынчтык силердин кайтып барышыңардын ачкычы экендигин унутпагыла!


Зороастризм – биздин заманга чейин VII–VI кылымдарда  Иран аймагында Заратуштра негиздеген дин. Бул диндин өзөгүн Ахура-Мазда кудайына сыйынуу түзөт.
Дегеле, зороастризм дининин түпкү маңызы дүйнөдөгү бардык нерсенин өзөгүндө жаткан жакшылык менен жамандыктын тынымсыз күрөшүнө барып такалат. Тазалоочу күчкө ээ жана караңгылыктын күчтөрү менен күрөшүүгө жардам берген от культуна өзгөчө көңүл бурулат.
Биз силерди күтүп жатканбыз.
Биз Жаңы жылды майрамдап жатабыз. Жаз жана жаратылыштын жаңылануу майрамы. Бизге силер эле жетишпей жаттыңар эле - кымбаттуу коноктор, алыскы доордун саякатчылары.
Бул жерде эмне болуп жатат?









Учурда зороастризм Индия, Иран, Ирак, АКШ, Тажикстан жана Канадада кеңири таралган. Болжол менен 125-300 миң жолдоочусу бар.


Кыргызстандын аймагында акыркы (кечки) зороастризм кеңири таралган, буга көптөгөн археологиялык табылгалар далил: Тянь-Шань тоолорундагы аскага тартылган сүрөттөр, Саймалуу-Таш, Тамгалуу-Таш, Сулайман-Тоо, Өрнөк жана башкалар. Зороастризмдин айрым майрамдары жана салттары кыргыздардын маданиятына бекем орношкон – мисалы, Нооруз жаздын келиши менен байланышкан жана азыр да белгиленип келет.





Бул жерде абдан жылуу экен го... биз түштүк тарапка келип калдык окшойт. Кара, кандай соонун тоо!
Бул жолу биз кайда келдик деп ойлойсуң?


Жөөттөрдүн Кыргызстандын аймагындагы биринчи жамааты Ош шаарында жайгашкан.



Улуттук диндер – бул белгилүү этностук топтор менен байланышкан диндер.
Шалом!
Шалом! Руслан, бул мырза жөөт окшойт
Ой! Мен эч нерсе түшүнбөй жатам...
Эң туура. Биз бул кереметтүү шаарда сиздердин жыл санак боюнча VI кылымдан бери жашап келебиз.


Биз кайдабыз?
Биз Улуу Жибек жолундагы эң чоң шаарлардын бири болгон Ош шаарындабыз.
Бул эмне?
Бул Тоорат. Бардык жөөттөрдүн Ыйык Жазуусу. Мен аны Бухарадан жергиликтүү жөөт жамааты үчүн алып келдим.
Алгыла, ооз тийгиле!
Азыр биз Песахты майрамдап жатабыз жана сөзсүз түрдө маца жейбиз. Бул Кудай жөөттөрдү фараондун кулчулугунан бошоткон өзгөчө күн жана Мисирден чыгуу майрамы.
× хрусь ×
× хрусь ×




Буддизм биздин доорго чейин VI-кылымда Индияда пайда болгон диний-философиялык салт.







Буддизм Кыргызстанда дагы деле бар жана башка диндер менен тынчтыкта жанаша өкүм сүрөт.


Сиздер өз дооруңарда буддизмдеги көптөгөн рухий практикаларды жалпылап, медитация деп атайсыздар. Эң жөнөкөй жана жеткиликтүүсү – бул бир нече мүнөткө былк этпей отуруп, эс алып, терс ойлордон арылууга аракет кылуу.










Кызык, биз бул жолу кайсы доорго деги кайда келип калдык?…
Менимче, биз буга жооп таба албайбыз, эптеп мында жашагандардан бир эки киши таап сурашыбыз керек.
Дарыяны бойлой ылдый түшсөк болот, эртеби-кечпи кимдир бирөөнү табарбыз дейм
Салам! А силер кимсиңер! Мен силерди мурда көргөн эмесмин.
Саламатсызбы? Башыбыз да катып калды. Түшүндүрүш да кыйын. Биз кайда жана кайсы доорго келип калдык?
Жегенге бир нерсеңиз барбы? Биз аябай ачкабыз!
Оо, силер адашып калдыңар! Тезирэк айылга баралы, мен силерди биздин дин кызматчыга алып барам.


Баары түшүнүктүү! Бул азыркы Кыргызстандын аймагында христиан дининин гүлдөп өнүгүү мезгили.
Укмуш! А бул жерде бүтүндөй айыл бар экен го!
Салам балдар, силер чарчап, ачка көрүнөсүңөр. Силер бир нерсе жебесеңер болбойт. Адегенде шам-шум этебиз, жүрүгүлө.
Машаякчылык –
Жаңы Келишимде сүрөттөлгөн Иса Машаяктын жашоосуна жана окууларына байланыштуу Палестинада 33-жылы пайда болгон дүйнөлүк дин.
Машаякчылык
3 негизги агымга бөлүнөт – католицизм, протестантизм, православие. Кыргызстанда машаякчылыктын бардык конфессиялары бар.


Бизди тааныбасаңыз дагы сыйыңызга чоң рахмат! Мындан ары дагы айылдар көппү?
Албетте! Биз несториан-машаякчылары ким менен болбосун сыйлашып, тынч жашайбыз. Бул өтө маанилүү.
Огоо, бул "несториандык" деген эмне?
Бир убакта христиандардын бир нече топко бөлүнүшү болгон, биз өз ысымыбызды багытыбыздын негиздөөчүсү дин кызматчы Несториандын атынан алганбыз.
Жана бул жерде V кылымдан бери жашайбыз.
Биз тарыхтын бир бөлүгүбүз жана келечекте силер биз жөнүндө көптөгөн эстеликтерди табасыңар. Кош болгула!
Инжил - машаякчылыктын (христианчылыктын) ыйык китеби.




Кыргызстандын аймагында ислам дини VII кылымдын башында пайда болгон. X-XII кылымда Караханид каганатынын мамлекеттик дини катары эсептелген.







Мухаммед — пайгамбар, ислам дининин негиздөөчүсү.
Куран — мусулмандардын ыйык китеби.
Ислам VII кылымдын башында Батыш Аравияда, Меккеде пайда болгон.
Кутмандуу кеч!
Ассаламу алейкум! Кош келдиңиздер! Сиздерди бул жакка эмне алып келди?
Биз бир аз адашып калдык. Айтып кое аласызбы, биз кайдабыз?
Сиздер Караханиддердин өкүмдарлары көмүлгөн жердесиздер. Чарчаган окшойсуздар. Мен бүгүн биз менен калып, эс алууну сунуштайм.



Ислам дини 5 түркүктөн турат: шахада (бир Аллага ишенүү), намаз, ыйык Рамазан айында орозо тутуу, зекет берүү, хадж (ажылык).




*чучух чучух...*
Адамдарга көңүл бурсаң
Биз поезддебиз, бул эң соонун жаңылык, демек биз өз убактыбызга жакындап калдык.
Менимче, алардын баары көчүп келгендер окшойт. Демек биз XX- кылымдарда окшойбуз.
Белгилүү болгондой, биздин өлкөнүн аймагында байыртадан бери эле ар түрдүү конфессиялардын өкүлдөрүнүн толеранттуу жанаша жашоосу болуп келген. Бул адамдар жакшы жерде болушат!
Бул жылдары Кыргызстанга ар кандай адамдардын келгени таң калыштуу.
Карачы, биз туннелден өтүп бара жатабыз, демек, жакында үйдө болобуз.
Мында мусулмандар, католиктер, жөөттөр, лютерандар, баптисттер, буддисттер жана православдар бар.


РЕЛИГИЯ-ЯД
БЕРЕГИ РЕБЯТ
ШКОЛА
РЕЛИГИЯ ТОРМОЗ ПЯТИЛЕТКИ!
ДОЛОЙ РЕЛИГИОЗНЫЕ ПРАЗДНИКИ!
ВСЕ В ОБЩЕСТВО ВОИНСТВЕННЫХ БЕЗБОЖНИКОВ!
РЕЛИГИЯ СРЕДСТВО ПОРАБОЩЕНИЯ ТРУДЯЩИХСЯ!
ВСЕ РЕЛИГИИ ОДИНАКОВО МЕШАЮТ И ВРЕДЯТ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОМУ СТРОИТЕЛЬСТВУ!
Огонь по примиренческому отношению к религии, по благодушию и пассивности в борьбе с классовым врагом!
СССР
— БОГА НЕТ !
БОРЬБА ПРОТИВ РЕЛИГИИ БОРЬБА ЗА СОЦИАЛИЗМ!!!
Ошонтип, биз илимий атеизмдин күндөрүнө келдик...
Бул жерде дин чарбалык жана улуттук деңгээлде өнүгө бергенине карабастан,
адамдар эч айырмаланбаганга аракет кылышкан.
Карачы, тиги киши колунда теспе кармап турат, абдан кызык, мындан ары эмне кылат көрөлү.
Менимче, ал биздин аялдамадан түшүп калат, биз анын артынан барып, эмне кылаарын байкап көрүүгө аракет кылалы.










Атеизм — бул диний эмес ишенимдер. Атеизм кудайдын, рухтардын ж.б. бар экенин четке кагат.


Агностицизм — бул кудайдын бар экенин далилдей да, жокко да чыгара албаган ишеним.




Аны лабораториям да көрсөтөм.
Бизге үйгө кайтууга жардам бересизби?
Бул шайманды алгыла. Үч дегенде, силер аларды туташтырышыңар керек. Бирок ал кандай болорун билбейм, анткени мен муну биринчи жолу жасап жатам.
Биз эмне кылышыбыз керектигин айтыңыз.
БИР, ЭКИ, ҮЧ
Кел, туташтыралы!
Мээрим, Руслан, болгула!
BOOM!


Эмне болуп кетти? Биз кайдабыз?
Билбейм, бирок мен жарыкты көрүп турам, ошого баралы.
Мээрим, Руслан, артта калып калбагыла!
Биз азыркы учурга кайтып келдик окшойт
Ооба...
Балдар, бир аздан кийин караңгы кирет, түнөгөнгө даярданалы.


Кана балдар, биздин саякат силерге жактыбы? Анын жүрүшүндө суроолор пайда болдубу?
Ооба! Менин суроом бар, совет доорунда диний куугунтуктар, атеизм болсо, биз кандайча диний көп түрдүүлүккө келдик?
Жакшы суроо, Мээрим! Баарыбызга белгилүү болгондой, 90-жылдары СССР урагандан кийин эле дин тутуу эркиндиги пайда болгон, ал мыйзам менен бекемделген жана ага ылайык диндер каттоого алынып, жайылтылган, анын ичинде атеизм да болгон.


Ошонтип, бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын аймагында ар кандай диндеги жана ишенимдеги көптөгөн адамдар бар жана алардын баары тынчтыкта, ынтымакта жашоого умтулушат.
Чынында эле, менин эки башка диндеги досум бар, алардын бири евангелист-протестант, машаякчылыктын бир багыты, экинчиси буддист!
Ал эми менин досум бахаи динин кабыл алды, болбосо мусулман болчу. Кыргызстанда ар бир адам өз ишенимин өзгөртүүгө укуктуу жана бул нормалдуу көрүнүш.
Мен мусулманмын. Ата-энеме менин тандоомду кабыл алуу кыйын болду, анткени алар орус православдары. Бирок ислам дини машаякчылык, буддизм сыяктуу эле улуттук дин эмес, демек адам кайсы улуттан болбосун бул диндерди кабыл ала алат.
А менин ата-энем атеист!
Биздин аймакта диний агымдардын көп болгону абдан таң калыштуу жана кубанычтуу. Бул жерде дагы көптөгөн элдер, маданияттар жана диндер тынчтыкта жана ынтымакта жашашат!

#Единство в мн... 

ЦЕНТР РЕЛИГИОВЕДЧЕСКИХ ИССЛЕДОВАНИЙ КЫРГЫЗСТАНА

SEARCH FOR COMMON GROUND

**Кыргызстандын аймагында байыртадан бери көптөгөн диндер, улуттар жана маданияттар тынчтыкта жанаша жашап келишкен. Алардын келип чыгышына жана ишенимдерине карабастан, адамдар биригүүгө жана өздөрү үчүн мүмкүн болгон эң жакшы дүйнөнү курууга умтулушкан.**

**Бул комикс чөлкөмдүн чыныгы тарыхына негизделген, бирок ошол эле учурда фантазия аралашкан – адамдар бир мезгилден экинчи мезгилеге өтүп кетүүнү үйрөнө элек. Ошентсе дагы, биз бир аз чыгармачылык, ой чабыт аркылуу Мээрим менен Руслангдын окуясын ойлоп таап, урматтуу окурмандар, сиздерди жалпы ата-бабаларыбыздын тарыхы тууралуу бир нерсе үйрөнүүгө жана маанилүү салтты, кармануугa, башкача айтканда, башка элдер менен алардын ишенимине карабай камыр-жумур, ынтымакта жашоого чакыргыбыз келет.**

# ВИЗУАЛДЫК ТАРЫХ

**Сиздин алдыңызда "Визуалдык тарых" комикси. Бул комиксте азыркы биздин замандагы эки студент өткөн чакка кайтышат. Өз мезгилине кайтып келүү үчүн алар Кыргызстандын аймагында мурда болгон (жана илгертен бери калган) ири диндердин өкүлдөрү менен таанышуусу зарыл.**
**Биз айтып жаткан окуя фантастикалык, бирок тарыхый фактылар реалдуу.**

**Бул комикс жаштарга диний көп түрдүүлүк жөнүндө маалымат берүүгө, диний сабырсыздыкты жана диндер арасында чыр-чатакты азайтууга багытталган.**

Комикстин авторлору: Хлыстикова Марина, Цой Родион, Атамбаев Бектур, Сулейманова Инола, Рахманалиева Айпери, Гречко Елизавета, Шнайдер Алара-Селин.

**Комикс «Дин таануу изилдөө борбору» коомдук бирикмесинин техникалык колдоосу менен, «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» ККО тарабынан аткарылган «Кыргызстанда мыйзам үстөмдүгүн бекемдөө жана дин тутуу эркиндигин колдоо» долбоорунун алкагында даярдалган.**